DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Сеиткожиева М.У., Исламова Ф.Х.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮШҮНДӨ ЧАКАН ЖАНА ОРТО БИЗНЕСТИН РОЛУН КҮЧТӨНДҮРҮҮ

*Сеиткожиева М.У., Исламова Ф.Х.*

# УСИЛЕНИЕ РОЛИ МАЛОГО И СРЕДНЕГО БИЗНЕСА В СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОМ РАЗВИТИИ КЫРЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*M.U. Seitkozhieva, F.Kh. Islamova*

# STRENGTHENING THE ROLE OF SMALL AND MEDIUM BUSINESSES IN SOCIO-ECONOMIC DEVELOPMENT OF THE REPUBLIC OF KYRGYZSTAN

*УДК: 330:338. 3:338.43*

*Бул макалада Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүндө чакан жана орто бизнестин ролу жана мааниси каралат. Жеке ишкердик жүргүзүүдөгү көйгөйлөр жана кемчиликтер каралып, Кыргыз Республикасында чакан жана орто бизнес үчүн түзүлгөн азыркы жагдай жана мүмкүнчүлүктөргө талдоо жүргүзүлдү. Кыргызстан үчүн чакан жана орто ишкердик сектору экономикадагы өзгөрүүлөрдүн негизги катализатору катары каралат, анткени ал өнүмдүн жана кызмат көрсөтүүнүн айрым түрлөрүнө калктын сурамынын өзгөрүшүн тезирээк жана толугураак эсепке алат жана жаңылыктарды киргизүүдө ыкчам кыймылдайт. Кыргызстанда соода жана жалпы коммерциялык иш сыяктуу чөйрөдө чакан ишкердик тез өнүгө турган жагдай түзүлгөн, жана ал негизинен атайын мамлекеттик колдоого муктаж эмес. Кыргызстандын экономикасынын бул сектору маанилүү секторлордун бири экенин адилеттүү деп эсептейбиз, анткени ал эффективдүү жана көп социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүнчүлүгү бар.*

***Негизги сөздөр:*** *чакан бизнес, орто бизнес, ишкердик, өнүгүү, ички дүн продуктусу, ишканалар, салык салуу, өсүш арымы, эмгек ресурстары, Кыргызстандын экономикасы.*

*В данной статье рассматривается роль и значение малого и среднего бизнеса в социально-экономическом развитии Кыргызской Республики. Проблемы и недостатки при введении частного предпринимательства, проведен анализ нынешней ситуации и возможностей для малого и среднего бизнеса в Кыргызской Республике. Для государства и политиков сектор МСП важен, прежде всего, потому, что он во многом замещает государство в решении сложных социально-экономических задач, а именно при создании новых рабочих мест, формировании среднего класса, являющимся одним из основных факторов долгосрочной стабильности в экономике любой страны. Кроме того, для правительства малые и средние предприятия - это значительный источник пополнения государственного бюджета. Одним из важнейших секторов экономики Кыргызской Республики считается сектор малого и среднего бизнеса, так как он дает возможность более эффективно решать социальные проблемы республики.*

***Ключевые слова:*** *малый бизнес, средний бизнес, предпринимательство, развитие, внутренний валовый продукт, предприятия, налогообложение, темп роста, трудовые ресурсы, экономика Кыргызстана.*

*This article discusses the role and importance of small and medium businesses in the socio-economic development of the Kyrgyz Republic. Problems and shortcomings in the introduction of private entrepreneurship, an analysis of the current situation and opportunities for small and medium businesses in the Kyrgyz Republic. For the state and politicians, the SME sector is important, first of all, because it largely replaces the state in solving complex socio-economic problems, namely when creating new jobs, forming the middle class, which is one of the main factors of long-term stability in the economy of any country. In addition, for the government, small and medium enterprises are a significant source of replenishment of the state budget.*

***Key words:*** *small businesses, medium businesses, entrepreneurship, development, gross domestic product, enterprises, taxation, growth rate, labor resources, economy of Kyrgyzstan.*

Кандай гана рыноктук экономика болбосун, анын негизин чакан жана орто ишканалар (ЧОИ) маанилүү роль ойногон жеке сектору түзөт. Алар баштапкы ири инвестицияларды талап кылбайт, ресурстары жогорку ылдамдыкта айланат, о.э. керектүү товарлар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



рыногун түзүү жана каныктыруу көйгөйүн ыкчам жана үнөмдөө чечүүгө, каржы ресурстарынын тартыштык жана экономиканын туруксуз абалдагы шартында анын түзүмүн кайра өзгөртүүгө жөндөмдүү болушат.

Өткөөл мезгил шартында чакан жана орто ишканаларга кызыгуулар субъекттердин саясий жана экономикалык жашоодон ар кандай күтүүлөрүнөн жана о.э. ал чакан жана орто ишканалардын жетилген рыноктук экономиканы түзүү үчүн маанисинен келип чыгат.

Мамлекет жана саясатчылар үчүн ЧОИ сектору маанилүү болуп саналат, анткени ал көпчүлүк учурда мамлекеттин ордуна татаал социалдык-экономикалык маселелерди чечет, мисалы жаңы жумуш орундарын түзүүдө жана кандай гана өлкөнүн экономикасында болбосун анын узак мөөнөттүк туруктуулугунун негизги фактору болгон ортоңку тапты калыптандырууда. Мындан тышкары, өкмөт үчүн чакан жана орто ишканалар – мамлекеттик бюджетти толтуруучу орчундуу булак.

Бул секторду окумуштуулар өткөөл мезгилде болуучу тутумдук өзгөрүүлөрдүн топтомдуу маселелеринин контекстинде кабыл алышат: жеке секторду өнүктүрүү, ресурстарды эффективдүү пайдалануу жана бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгү жана түзүмүн өзгөртүү. Рынок экономикасынын максаттуу үлгүсү болжогондой, анын маанилүү жана баалуу механизмдери атаандаштык рыногу, анын көп сандагы өндүрүшчүлөр арасындагы горизонталдык байланыштары аркылуу жүргүзүлөт. Бул үлгүгө ылайык, пландуу экономика мамлекетинин салттуу функциялары болгон жумушчу орундарын түзүү, улуттук адистешүүнү аныктоо, эл аралык атаандаштыкты жакшыртуу ж.б.у.с., жеке сектору, атап айтканда чакан жана орто ишкердик сектору аркылуу баарынан мыкты аткарылат.

Макроэкономисттер бул функциялардын аткарылышын бардык экономикалык тутумдун кеңири контекстинде карашат. Улуттук экономиканы жаңы уюштурууда чакан жана орто ишканалар сектору баалуу экономикалык өбөлгө болууга жөндөмдүү чечүүчү күч катары кабыл алынат, мисалы мультипликатор механизми аркылуу, жана маанилүү технологияларды жайылтууга жана коомдо прогрессивдүү өңүт жана ишкердик маданиятты бекемдөөгө көмөк көрсөтөт.

Ишкерлердин кабыл алуусу жана күтүүлөрү убакыттын агымы менен өзгөрүлөт. Бизнес-жамааттыктын мүчөлөрү (жаңы ишкерлер жана жарым-жартылай реформалар шартында бизнесин эртерээк баштагандар) борборлошкон пландык бюрократиядагы эски ыкманын ордуна келген, жана аларга чечимдерди өз алдынча кабыл алууга, өнүгүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө мүмкүндүк берген жеке секторду колдошот. Бирок чектен тышкары салык салуу, мамлекеттик бюрократия, алардын бизнесине сырттан кийлигишүү ж.б. аларды көмүскө сектордон башкалка издөөсүнө мажбурлайт.

Кыргызстан үчүн чакан жана орто ишкердик сектору экономикадагы өзгөрүүлөрдүн негизги катализатору катары каралат, анткени ал өнүмдүн жана кызмат көрсөтүүнүн айрым түрлөрүнө калктын сурамынын өзгөрүшүн тезирээк жана толугураак эсепке алат жана жаңылыктарды киргизүүдө ыкчам кыймылдайт. Чакан ишканалардын капитал сыйымдуулугу төмөн болуп, бар болгон инфратүзүмдүн негизинде иштей алышат жана аймактык эмгек жана материалдык ресурстарды эффективдүү пайдаланышат. Адатта аларда «идея-тажрыйба жүзүндө киргизүү» циклы көп убакыт талап кылбайт. Өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн экономикасындагы ири өндүрүшкө караганда майда өндүрүшкө артыкчылык берген жаңы объективдүү тенденцияны дагы эске алуу зарыл. Биздин көз карашыбызда, азыркы учурда ар кандай көлөмдөгү ишканалардын айкалышы чарбачылыктын азыркы талаптарына алардын ылайыкташуусун жакшыртат жана илимий-техникалык прогрессти бир топ багыт боюнча тездетет. Бизнестин чакан түрлөрү ишкерлерди жаратат жана өбөлгөлөйт.

Мурас фондунун изилдөөлөрүнө ылайык (The Heritage Foundation) (1сүрөт), Кыргызстандын экономикасы 61,1% га эркин болуп саналат (солгун эркин экономика 60%дан жогору башталат), жана ал дагы ишкердиктин өнүгүшүнө түрткү берет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557






КМШ өлкөлөрүнүн ичинен эркиндиктин кичи-рейтинги боюнча алдыщкы орунду Грузия (70,4) 29 орун, андан кийин 78 орунда Казакстан (62,1) ээлейт. Кыргызстан тизмеде (61,1) 83 орунду ээлөө менен КМШ өлкөлөрүнүн ичинен 3 орунда турат. Андан ары Азербайжан (59,7) 92, Молдова (55,7) – 120, Тажикстан (53,5) – 128, Россия (50,5) – 143, Белорусия (47,9) – 155, Өзбекстан (45,8) – 163, Украина (45,8) – 164 жана Туркмөнстан (43,6) 169 орунда турат.

Бүткүл дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча бизнести баштоо үчүн 14 күн талап кылынат. Маалымдама катары: аймактарда – 16,3 күн, Экономикалык Шериктештик жана Өнүктүрүү Уюмунун өлкөлөрүндө -13,8 күн.

**Ишканаларды каттоо – дүйнөлүк рейтинги**



DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Сооданы либералдаштыруу Кыргызстанда өз жемишин бергенин эске алуу керек. Бирок бир топ чечилбеген көйгөйлөр калууда, атап айтсак: тарифтик эмес тосколдуктар, мисалы: импорттолгон товарларга акциздер, коммерциялык ишканалардын ишмердигин катаал мамлекеттик текскөө, ишкердикке уруксаттаманы чектөө, эффективдүү эмес жана коррупцияга тушуккан механизмдер. Салык салуунун бийик коюмдары, катаал салыктык текскөө, мамлекеттик органдар тарабынан негизсиз жана тез-тез текшерүүлөр. Ишкердикти жөнгө салуу тармагындагы мыйзам жана укуктук-ченем базасынын чийкилиги. Ишкердикти жөнгө салуу саясатынын туруксуздугу жана күтүүсүздүгү.

Инвестициялардын жетишсиздиги жана насыялар боюнча чоң пайыздык коюмдар (керектүү пайыздык коюмдар 8-13% жылдык). Айыл чарба тармагында гана аз өлчөмдө 9% коюмдагы насыялар берилет, ал эми башка тармактарда андай төмөн коюм насыя берилбейт.

Ишкердиктин үчүн төмөнкү артыкчылыктарды, иштерди белгилөө зарыл: түстүү металлдарды казуу (алтын, күмүш, алюминий), туризм (маданият ишин өнүктүрүү) өнөр жай, анын ичинде кайра иштетүү өнөр жайы. Бирок ишкердиктин өнүгүшүнүн баштапкы баскычы үчүн жана жабдуу сатып алуу үчүн инвестицияларды тартуу керек.

Кыргыз Республикасында бизнестин өнүгүшү үчүн төмөнкү мүмкүнчүлүктөр бар:

а) насыяларды 8-13% жылдык төмөн пайызда берүү.

б) бизнес тармагында атайын курстарды өткөрүү

в) бизнес чөйрөсүндө реформа өткөрүү, ал коррупцияны азайтууга жана ишкердик тармакта ченемдик актыларды жөндөөгө багытталган. Чакан жана орто өндүрүштүк бизнестин өнүгүшү үчүн ыңгайлуу экономикалык шарттарды түзүү.

Кыргызстанда соода жана жалпы коммерциялык иш сыяктуу чөйрөдө чакан ишкердик тез өнүгө турган жагдай түзүлгөн, жана ал негизинен атайын мамлекеттик колдоого муктаж эмес. Ошол эле учурда чакан ишкердиктин өндүрүштүк жана инновациялык сектору өнүгүүнүн орчундуу дараметине ээ болсо дагы мындай колдоону талап кылат.

1. Өндүрүштүк багытта түзүлүүчү чакан ишкердикти пайда салыгынан үч жылга чейин бошотуу максатка ылайык болот;

2. Уюштурулуучу чакан өндүрүштүк ишканалар үчүн жеңилдетилген узак мөөнөттүү насыяларды берүү;

3. Мамлекеттик органдар тарабынан ишкерлердин ишине мыйзамсыз кийлигишүүлөрдү токтотуу үчүн чараларды тартипке келтирүү;

4. Мамлекеттик колдоо чаралары жөнүндө толук жана айкын маалымат: ишкерлер, иштиктүү чөйрө катышкан каражаттарды бөлүштүрүү процедурасынын ачыктыгы; чакан жана орто бизнести колдоо үчүн бөлүнгөн каражаттардын аткарылышы жөнүндө отчетторду жана тиешелүү мамлекеттик институттардын ишмердигин ачык жарыялоо тажрыйбасы.

5. Чакан жана орто ишкердик сектордун ишмердигин кызыктырууга, өз бизнеси менен алектенүүгө адамдарды даярдоо жана кайра даярдоого, жалпы түшүнүктү калыптандырууга багытталган чаралардын тутуму.

6. «Адам капиталын» - жогорку квалификациялуу окумуштуу, инженер жана жумушчуларды пайдалануу менен илим сыйымдуу өнүмдү өндүрүүдө жана инновациялык чөйрөдө чакан жана орто ишкердиктин өсүш арымын өбөлгөлөө.

7. Улуттук, аймактык жана тарыхый өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу; ишкердикти уюштуруунун элдик өнөр жайын, кооперативдик, артелдик жана үй-бүлөлүк түрүн, өз алдынча иштөөнүн мезгилдик жумуштарына дем берүү.

8. Чыгашалуу жана төлөөгө жөндөмсүз ишканалардын мүлкүн чакан жана орто ишкердикти ресурстук камсыздоонун кубаттуу булагы катары пайдалануу жана анын инфратүзүмүн түзүү.

9. Алдыңкы технологиялардын, анын ичинде интернеттин негизинде, иштиктүү өз ара аракет жана кайра байланыш түзүүнү камсыздоо үчүн, чакан жана орто ишкердик үчүн бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүү.

10. Чакан жана орто ишкердиктин иштиктүү кооперациясын жана эл аралык байланышын колдоонун эффективдүү тутуму, экспорттук өндүрүштүн инфратүзүмүн өркүндөтүү.

Кыргызстандын экономикасынын бул сектору маанилүү секторлордун бири экенин адилеттүү деп эсептейбиз, анткени ал эффективдүү жана көп социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Республиканын чакан ишкердик чөйрөсүндө орчундуу каржы, өндүрүштүк жана эмгек ресурстары чогултулган. Стратегиялык чийки зат ресурстарынын тартыштыгын, эмгек ресурстарынын жетиштүүлүгүн эске алуу менен жакынкы арада сөзсүз түрдө чакан жана орто ишкердиктин ролу өсөт деп болжолдосок болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



**Адабияттар:**

1. «Чакан ишкердикти мамлекеттик колдоо жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Бишкек шаары 25 май 2007 жыл, №73.
2. Абдылдаев Т.А., Мусакожоев Ш.М., Кыргызстандын экономикалык өнүгүшүнүн көйгөйлөрү: Окуу куралы. / Москва ишкердик жана укук институту (Каракол филиалы). - Каракол, 2001 ж.
3. Брудный А., Койчуев Т., Кэз карандысыз Кыргызстан: үчүнчү жол. - Бишкек, 2001.
4. КРСУ Жарчысы, № 1 2003-ж., «Кыргыз Республикасында чакан жана орто ишкердиктин азыркы абалы»
5. Омурзаков К. Кыргыз Республикасында чакан жана орто бизнести өнүктүрүүнүн экономикалык зарылдыгы // Илим жана жаңы технологиялар. - 2008. - №1. - 120-126б.
6. www.stat.kg. - Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин расмий сайты.